*УДК 129*
*DOI 10.33514/1694-7851-2019-3-95-99*

***Каныбекова Алия Каныбековна***
*Аспирант кафедры философии и гуманитарных дисциплин КГУ им. И. Арабаева*

# ҮЙ-БҮЛӨНҮН КАЛЫПТАНУУСУНДАГЫ МҮЛКТҮК КАРЫМ-КАТНАШТАРДЫ ЖӨНГӨ САЛУУ

# РЕГУЛИРОВАНИЕ ИМУЩЕСТВЕННЫХ ОТНОШЕНИЙ В ФОРМИРОВАНИИ СЕМЬИ

# REGULATION OF PROPERTY RELATIONS IN THE FORMATION OF THE FAMILY

**Аннотация:** Аталган макалада үй-бүлөнүн жана үй-бүлөлүк баалуулуктардын кадыр-баркы төмөндөп кеткендиги баса белгиленет. Ушуга байланыштуу макалада Кыргызстандагы ар кыл борборлордун, коомдук уюмдардын иштеринде улуттук үрп-адаттарды, каада-салттарды кайра жандандырууга, үй-бүлөлүк баалуулуктарды пропагандалоого, үй-бүлө жана нике образын, коомдогу аялдардын социалдык-психологиялык жана укуктук ыңгайлашуусунун ар кыл формаларынын өнүгүүсүн культивациялоого өзгөчө көңүл бурулат.

**Аннотация:** В данной отмечается снижение престижа семьи и семейных ценностей. В связи с этим, в работе различных центров, общественных организаций в Кыргызстане особое внимание уделяется вопросам возрождения национальных обычаев, традиций, пропаганды семейных ценностей, культивировании образа семьи и брака, развитию различных форм социально-психологической и правовой адаптации женщин в обществе.

**Annotation:** In this there is a decrease in the prestige of the family and family values. In this regard, in the work of various centers, public organizations in Kyrgyzstan, special attention is paid to the revival of national customs and traditions, the promotion of family values, the cultivation of the image of family and marriage, the development of various forms of socio-psychological and legal adaptation of women in society.

**Түйүндүү сөздөр:** калың, сатып-алуу-сатуу, адаттык укук, үрп-адат, үй-бүлөлүк карым-катнаш, туугандар ортосундагы карым-катнаштар, мүлктүк карым-катнаштар, гендер.

**Ключевые слова:** калым, купля-продажа, обычное право, обычай, семейные отношения, межродственные отношения, имущественные отношения, гендер.

**Key words**: dowry, buying and selling, common law, custom, family relationships, mezhrodstvennye relations, property relations, gender.

Кыргыздардын адаттык укугуна тарыхый-укуктук талдоо жүргүзүү кыргыз элинин үй-бүлөлүк-никелик карым-катнаштар тармагындагы ар кыл аспектилерди терең изилдөөгө шарт түзөт. Үй-бүлөлүк-никелик карым-катнаштарды жөнгө салуучу кыргыз укуктук институттары элдик турмуштун рухун жана дүйнө көз караштык аспектилерин чагылдырган. Укуктун аталган институттарын изилдөөнүн жүрүшүндө кээ бир авторлор Кыргызстандын аялдарынын боштондукка чыгуунун социалистик жолунун натыйжаларын көрсөтүүгө аракет кылышкан. Бул жерде алар изилдеген маселелердин айлампасы келип чыккан: кыргыз аялынын укуксуз революцияга чейинки абалы, калың – коомдун зыяндуу

калдыгы, кыргыз коомундагы жесир аялдын укуксуз абалы, анын боштондукка чыгуусу боюнча Советтик бийликтин алгачкы декреттери ж.б.у.с.

Азыркы учурда кыргыз укугунун үй-бүлөлүк-никелик институттарынын социалдык маңызын кароо адаттык укуктун нормаларында белгилүү бир ордун таап, укуктук жактан бекиген бир катар баалуулук багыттарды, гуманистик башталыштарды ачып берүүгө шарт түзөт. Үй-бүлөлүк-никелик карым-катнаштарды жөнгө салуучу кыргыздардын адаттык укук институттарынын пайда болуу башаттарына кайрыла турган болсок, алардын ичинен көптөрү: калың төлөп никеге туруу, көп аял алуучулук Байыркы Чыгыш өлкөлөрүндө эле эмес, байыркы Римде, Батыш Европа өлкөлөрүндө да пайда болгон үрп-адаттардан болуп эсептелет. Мисалы, Байыркы Чыгыш өлкөлөрүнүн негизги булактарындагы үй-бүлөлүк укук боюнча – Ману Мыйзамдарында, Артхашастрада никеге туруунун бир канча формалары болгон, алардын ичинде аялды сатып алуу менен никеге туруу. Андан тышкары, Ману Мыйзамы жесирге тууганынын аялы болуу, ал эми аялын жоготкон күйөөсүнө анын эжесине үйлөнүү парз кылынган.

Байыркы Грецияда эркектерге эки аял алууга уруксат берилген. Алар аялды сатып алуу менен никелешкен [1, 29-б.]. Байыркы германдыктардын үрп-адаттары да аялды сатып алуу менен никеге турууга жол берген. Полигамия институту көптөгөн элдерде (славяндар, түрктөр, монголдор, перстер, кытайлар ж.б.) жашап келген бирден-бир байыркы үрп-адаттар катары кызмат кылган. Ушундай эле пикирди Н.Д.Нуртазина карманган, ал келин үчүн калың төлөө үрп-адаты арабдарда жана ислам пайда болгонго чейинки Чыгыш элдеринде да болуп келген, андан кийин ал канондоштурулуп, акыр аягында Куранда чагылдырылган «калың – исламга эч кандай тиешеси жок. Ал болгону улуттук, исламга чейинки үрп-адат болуп эсептелет» [2, 16-24-б.].

Кыргыз элинин үрп-адаттары менен каада-салттарынын пайда болуусунун негизги факторлору болуп төмөнкүлөр эсептелет: нике менен байланышкан мүлктүк карыш-катнаштарды жөнгө салуу зарылчылыгы; жамааттын кызыкчылыктарын коргоо ж.б.у.с. Аталган факторлор кыргыздын адаттык укугунун үй-бүлөлүк-никелик институттарын нормативдик жөнгө салуу процессине белгилүү бир өзгөчөлүктү алып келди. Үй-бүлөлүк-никелик карым-катнаштарды жөнгө салуудагы ар бир институттун социалдык маңызына кеңири талдоо жүргүзүү Кыргызстандын аялдарынын социалдык статусу менен укуктук абалын орнотууга шарт түзөт.

Калыңдык никеге туруунун алкагындагы үй-бүлөлүк-туугандык жана мүлктүк карым-катнаштарды кароо менен белгилей кетүүчү нерсе, кыргыздардын никеси калың – сүйүнчү төлөгөндөн кийин гана юридикалык күчкө ээ болгон. Советтик мезгилдеги көптөгөн окумуштуулар укуктун аталган институтун карап, жаңылыш божомол менен аял сатып алуу-сатуунун объектиси катары кызмат кылып келген. «Фактылык жактан мусулмандык нике сатып алуунун-сатуунун актысы болуп эсептелет, б.а. эркек белгилүү бир каражат менен аялды сатып алган» - деп жазат М.В.Вагабов. Аталган адаттык кыргыз укук институтун изилдөөдөгү бир тараптуулук аялдардын социалдык статусу боюнча жаңылыш пикирдин тамырлашуусуна алып келди. Чындыгында калың төлөп никеге туруунун пайда болуусунун жана кеңири таралуусунун негизги себеби болуп никеге туруу менен байланышкан мүлктүк карым-катнаштарды жөнгө салуунун курч зарылчылыгы эсептелет. Бул жерде кыргыздардын үйлөнүү-үлпөт тойлору өзгөчө шөкөтү менен айырмаланып турат, аларга бир нече айылдар катышкан. Болжол менен айыл өзүнө өзүнүн уруусунун курамында көчүп-конуп жүрүүчү 10-15 үй-бүлөнү камтыган.

Аталган шарттарда үйлөнүү тоюун камсыз кылуу үчүн болгон чыгымдарды бир эле тарап көтөрө алган эмес. Ошондуктан биринчи кезекте көчмөндөрдүн калың төлөө үрп-адаты жеке чарбачылык жүргүзүүчү субъекттин (үй-бүлөнүн) экономикалык

кызыкчылыктарын уул менен келиндин туугандарын бириктирүү жана алардын кызыкчылыктарынын тең салмактуулугун камсыз кылуу жолу менен бардык иш-аракеттерди координациялоо аркылуу коргоо кызматын аткарган. Үрп-адатка ылайык ар бир тарап никелик үрп-адатта малдын, мүлктүн кандай үлүшүн берүү керек экендигин билишкен. Алсак, калың катары берилген мал кайра барып эле келиндин себи жана чыгымдары катары кайтарылган. Сеп эки жаштын укуктары менен милдеттеринин бирдей болуусун камсыз кылган, ал юридикалык жактан аял менен эркектин тең укуктуулугун тастыктаган.

Калыңдан башка белек-бечкек катары жигит эле эмес, келин тараптан да берилүүчү чыгымдардын башка түрлөрү да болгон. Ф.Д.Люшкевич бул туурасында «Традиции межремейных связей узбекско-таджикского населения Средней Азии» аттуу макаласында келин тараптан болгон чыгымдар жана белек-бечкектер жарым-жартылай жооп иретинде жигит тараптан болгон белек-бечкектер менен толукталат: «Келиндин ата-энеси жигиттин ата-энесине, анын байкелерине жана эжелерине, чоң энесине, башка жакын туугандарына кийим-кечектердин ар кыл түрлөрүн беришет» [3, 9-б.].

Демек, калың менен сеп кыргыз калкынын ар кыл социалдык топторунун арасында көлөмү эле эмес, курамы боюнча да ар түрдүү болгон. Бирок көпчүлүк учурларда, калыңдын көлөмү септин көлөмүнө, ал эми жигит жактан болгон үйлөнүү тоюун уюштурууга кеткен чыгымдын көлөмү келиндин атасы тарабынан берилген септин бир бөлүгүнүн наркына туура келген. Андан тышкары, калыңдан тышкаркы эки тараптын көп сандаган белек-бечкектери зарыл жана эреже катары бирдей товар алмашуу катары эсептелген. Белгилей кетүүчү нерсе, сеп калыңдан айырмаланып дайыма аялдын жекелиги катары эсептелген, эгерде анын көзү өтүп кеткен учурда сеп толугу менен же жарым-жартылай ата-энесине кайтарылып берилген. Ошондой болсо да, калың төлөө колунда жок үй-бүлөдөн чыккан эркектер үчүн олуттуу көйгөйдү жараткан деген көз караштар кеңири тараган. Калыңды толук төлөөдөгү материалдык мүмкүнчүлүктүн жоктугунун натыйжасында көптөгөн эркектер 30-40 жашка чейин үй-бүлө күтө алышкан эмес же кыйла жашы өтүп калган куракта үй-бүлө күтүшкөн. Бирок мындай жобо анча туура эмес, анткени никеге туруу биринчи кезекте ачык укук, уруулук саясат менен жөнгө салынып, коомдун жалпы уруунун позициясын бекемдөө аракетине негизделген.

Калың төлөөнүн келиндин атасына иштеп берүү сыяктуу формасы да болгон. Эгерде жигиттин үйлөнгөнгө каалоосу болуп, калың төлөөгө мүмкүнчүлүгү болбосо, ал эми келиндин атасына жумушчу күчү керек болсо, анда алардын ортосунда шарт түзүлгөн, анда жигит келечектеги кайын атасынын үйүнө барып бекер иштеп берген, андан кийин өзүнүн эмгек акысы катары кызды аялдыкка алган. Калыңды төлөөдөн кутулуу максатында аз камсыз болгон калк эки жактуу никеге турууну ылайык көрүшкөн: эгерде кимдир-бирөө өзүнүн карындашын же кызын башка бирөөнө ал ага өзүнүн карындашын же кызын бере турган болсо, никелик келишим түзүлүп, эки келишим тең мыйзамдуу күчкө ээ болгон.

Калың төлөп никеге туруунун альтернативасы катары кыз ала качып никеге туруу эсептелген. Аталган үрп-адаттын пайда болуусунун өбөлгөсү катары жигиттин калыңды толук төлөө жөндөмсүздүгү кызмат кылган. Бирок кыргыз элинде кыз ала качуу үрп-адаты башка чыгыш элдерине таандык болгон үрп-адаттан терс айырмаланып турат. Биринчиден, кыргыздарда кыз ала качуу кудалашуу салты менен тыгыз байланышкан. Алсак, никеге туруу көпчүлүк учурларда кыз ала качуу жана тескерисинче, кыз ала качуу калыңды жарым-жартылай төлөп, кудалашуу менен аяктаган. Экинчиден, кээ бир учурларда кыз ала качуу күч колдонуу жолу менен эмес, жаштардын макулдугу менен болгон, мындай никеге кыздын ата-энеси да тоскоолдук жараткан эмес. Үчүнчүдөн, кыз ала качуу кылмыш иши

болуп эсептелбестен, жарандык укук тармагына таандык болгон, ал эми мындай нике болсо белгилүү бир эрежелерди сактоодо толук укук жөндөмдүүлүгүнүн белгилерине ээ болгон.

Кыргыз коомундагы аял менен эркектин тең укуктуулугу туурасында А.С.Ибраева мындай деген: «Көчмөн коомчулукта эркек да, аял да төмөн же жаман болгон эмес. Аялдарга кайда болбосун урмат-сый көрсөтүлгөн…»[4, 94-б.]. Ал эми акылдуу жана жөндөмдүү кыз кыргыздар менен казактарда ата-энелери үчүн чоң сыймык болгон, атасы менен туугандары кызга карата кара күч колдонууга жол беришкен эмес. Демек, кызын турмушка берүү менен ата-энеси анын мээриминен эле эмес, анын кароосунан, аны менен бирге эмгекке жарамдуу үй-бүлө мүчөсүнөн айрылышкан. Калың мындай учурда улуу муунга болгон сый мамиленин атмосферасында кызды чоңойтуп, тарбиялаган ата-энесине болгон сый-урматтын белгиси катары эсептелген. Мындай көрүнүш менен жигит тарап кыздын жакын туугандарына ага турмушка берип жаткандыгы, өз кезегинде алар жаңы үй-бүлө мүчөсүн белекке берип, алардын тукумун көбөйтүүсү үчүн ыраазычылык билдиришкен. Кыздын эң башкы милдети өзүнүн эмес, күйөөсүнүн тукумун көбөйтүүдө турган. Ушул жана башка фактылар кыргыздар оройлук менен зордук-зомбулукка, андан тышкары аял затына болгон акыйкатсыз мамилеге жол беришпегендигинин ачык далили катары билүүгө болот.

Демек, калың төлөп никеге туруу институтун кылдат изилдеп чыгуу менен калың аялды сатып алуу-сатуунун келишими болуп эсептелбеши керек, ал жаңы үй-бүлөнү калыптандыруудагы мүлктүк карым-катнаштарды жөнгө салуунун ыкмасын камтып турат деген жыйынтыкка келүүгө болот.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Вагабов. М.В. Ислам и женщина. - М.: Мысль, 1968.
2. Зидер. Р. Социальная история семьи в Западной и Центральной Европе. - Москва: ВЛАДОС, 1997.
3. Мамазакиров Р.У. Факторы, влияющие на формирование правосознания граждан в переходный период кыргызского общества // Вестник КРСУ. Том 15. № 06,2015.
4. Нуртазина Н.Д. Введение в теорию гендера. - Алматы, 1998.

**Рецензент: к.ф.н., доцент Асанов Ж.К.**